КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
АНТИКОРРУПЦИЯЛЫК ИШКЕРДИК КЕҢЕШИ

АНТИКОРРУПЦИОННЫЙ ДЕЛОВОЙ СОВЕТ
ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

Кыргыз Республикасындагы коррупцияга каршы аракеттенүү:

МАМЛЕКЕТКЕ ЖАНА ЭЛГЕ КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮНҮН КОРРУПЦИЯГА КАРШЫ СТАНДАРТТАРЫ

Кыскача баяндама

АДС ПКРдин катчылыгынын эксперти,
юридика илимдеринин кандидаты
Бейшембек кызы Асема

Заманбап этапта коррупция бардык өлкөлөрдө ар кандай деңгээлде кеңири жайылган эски көйгөй болуп саналат жана жалпысынан коом жана мамлекет үчүн эң кооптуу көрүнүштөрдүн бири бойдон калууда.

Коррупция көптөгөн өлкөлөрдө, анын ичинде Кыргызстанда социалдык-экономикалык реформаларды ишке ашырууга жана демократиялык өнүгүүгө олуттуу тоскоолдук болуп саналат.

Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы күрөшүү мамлекеттик саясаттын маанилүү багыттарынын бири болуп саналат.



Кыргызстандагы коррупция: көйгөйдүн абалы

Transparency International уюмунун отчетуна ылайык, Кыргызстан коррупцияны кабыл алуу деңгээли боюнча дүйнөлүк рейтингдердин төмөнкү бөлүгүндө турат. Коррупция ар кандай тармактарда кеңири жайылган: мамлекеттик сатып алуулар, укук коргоо органдары, сот системасы, билим берүү жана саламаттыкты сактоо. Мамлекеттик органдардагы коррупция маселелери экономиканын өнүгүшүнө жана жарандардын мамлекеттик институттарга болгон ишенимине тоскоолдук кылат.



Transparency International эл аралык уюму 2025-жыл үчүн Коррупцияны кабылдоо индексин (Corruption Perceptions Index, CPI) жарыялады. Бул ирет Кыргызстан 100 баллдан 26 балл алып, 182 өлкөнүн ичинен 142-орунду ээледи. Transparency International уюмунун Коррупцияны кабылдоо индекси (ККИ) – ар кайсы өлкөлөрдүн мамлекеттик секторундагы коррупцияны кабылдоо деңгээлин өлчөгөн курама индекс. Ал дүйнө жүзү боюнча көз карандысыз уюмдар тарабынан жүргүзүлгөн эксперттердин жана ишкерлердин сурамжылоолорунун негизинде түзүлөт жана 1995-жылдан бери жыл сайын жарыяланат. ККИнин ар кандай жылдардагы жыйынтыктарын 2012-жылдан баштап салыштырууга болот. Өлкөлөр 0дөн 100гө чейинки шкала боюнча рейтингге ээ, мында нөл коррупцияны кабылдоонун эң жогорку деңгээлин, ал эми жүз эң төмөнкү деңгээлин билдирет.

EASTERN EUROPE AND CENTRAL ASIA

KYRGYZSTAN

Score


26/100 What does the CPI score mean?

Rank

142/182

Score change

+1 since 2024




Коррупцияны кабылдоо индекси

Ар бир өлкөнүн көрсөткүчү коррупция маселесине арналган 13 сурамжылоо жана изилдөөлөрдөн алынган үчтөн кем эмес маалымат булактарынын негизинде аныкталат. Бул маалыматтарды Дүйнөлүк банк жана Дүйнөлүк экономикалык форум сыяктуу бир катар уюмдар чогултат. Коррупцияны кабылдоо индексин даярдоодо колдонулган маалымат булактары мамлекеттик сектордогу коррупциянын төмөнкү көрүнүштөрүн карайт: * Паракорлук * Бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу * Кесепеттеринен коркпостон жеке пайда көрүү үчүн мамлекеттик кызматты колдонгон чиновниктердин үстөмдүгү * Өкмөттүн мамлекеттик сектордогу коррупцияны ооздуктоо жөндөмдүүлүгү * Мамлекеттик сектордогу ашыкча бюрократия, коррупция үчүн кошумча мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө жөндөмдүү * Мамлекеттик кызматтарга тааныштык боюнча дайындоо * Мамлекеттик кызматкерлерден кирешелери жана кызыкчылыктардын мүмкүн болгон кагылышуулары жөнүндө маалыматтарды ачыкка чыгарууну талап кылган мыйзамдар * Пара жана коррупция жөнүндө билдирген адамдар үчүн юридикалык коргоо * Материалдык жактан кызыкдар болгон адамдардын тар чөйрөсү тарабынан бийликти тартып алуу * Коомдук-саясий маселелер жана өкмөттүн ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматка жеткиликтүүлүк

ИНДЕКС ВОСПРИЯТИЯ КОРРУПЦИИ ЗА 2025 г.

Индекс восприятия коррупции в государственном секторе в 182 странах и территориях мира.



БАЛЛ	СТРАНА/ТЕРРИТОРИЯ
89	Дания
88	Финляндия
84	Сингапур
81	Новая Зеландия
81	Норвегия
80	Швеция
80	Швейцария
78	Люксембург
78	Нидерланды
77	Германия
77	Исландия
76	Австралия
76	Эстония
76	Гонконг
76	Ирландия
75	Канада
73	Уругвай
71	Бутан
71	Япония
70	Великобритания
69	Австрия
69	Бельгия
69	Объединенные Арабские Эмираты
68	Барбадос
68	Тайвань
66	Франция
65	Литва
64	Багамские Острова
64	США
63	Бруней-Даруссалам
63	Чили
63	Корея, Южная
63	Сент-Винсент и Гренадины
62	Кабо-Верде
62	Израиль
60	Доминика
60	Латвия
59	Чехия
59	Сент-Люсия
58	Ботсвана
58	Катар
58	Руанда
58	Словения
57	Саудовская Аравия
56	Коста-Рика
56	Гренада
56	Португалия
55	Кипр
55	Фиджи
55	Испания
53	Италия
53	Польша
52	Малайзия
52	Оман
50	Бахрейн
50	Грузия
50	Греция
50	Иордания
49	Мальта
48	Маврикий
48	Словакия
47	Хорватия
47	Вануату
46	Армения
46	Кувейт
46	Черногория
46	Намибия
46	Сенегал
45	Бенин
45	Румыния
45	Сан-Томе и Принсипи
44	Ямайка
44	Соломоновы Острова
44	Восточный Тимор
43	Китай
43	Кот-д'Ивуар
43	Гана
43	Косово
42	Молдова
41	Южная Африка
41	Тринидад и Тобаго
41	Вьетнам
40	Болгария
40	Буркина-Фасо
40	Куба
40	Гайана
40	Венгрия
40	Северная Македония
40	Танзания
39	Албания
39	Индия
39	Мальдивы
39	Марокко
39	Тунис
38	Эфиопия
38	Казахстан
38	Суринам
37	Колумбия
37	Доминиканская Республика
37	Гамбия
37	Лесото
36	Аргентина
36	Белиз
36	Украина
35	Бразилия
35	Шри-Ланка
34	Алжир
34	Босния и Герцеговина
34	Индонезия
34	Лаос
34	Малави
34	Непал
34	Сьерра-Леоне
33	Эквадор
33	Панама
33	Сербия
33	Таиланд
32	Ангола
32	Сальвадор
32	Филиппины
32	Того
31	Беларусь
31	Джибути
31	Монголия
31	Нигер
31	Турция
31	Узбекистан
30	Египет
30	Кения
30	Мавритания
30	Перу
29	Габон
28	Боливия
28	Ирак
28	Либерия
28	Мали
28	Пакистан
27	Мексика
26	Камерун
26	Гватемала
26	Гвинея
26	Кыргызстан
26	Нигерия
26	Папуа — Новая Гвинея
25	Мадагаскар
25	Уганда
24	Бангладеш
24	Центральноафриканская Республика
24	Парагвай
23	Республика Конго
23	Эсватини
23	Иран
22	Чад
22	Гондурас
22	Россия
22	Зимбабве
21	Гвинея-Бисау
21	Мозамбик
20	Камбоджа
20	Коморские Острова
20	Демократическая Республика Конго
19	Таджикистан
17	Бурунди
17	Туркменистан
16	Афганистан
16	Гаити
16	Мьянма
15	Экваториальная Гвинея
15	Корея, Северная
15	Сирия
14	Никарагуа
14	Судан
13	Эритрея
13	Ливия
13	Йемен
10	Венесуэла
9	Сомали

- Кыргыз Республикасы 2005-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Коррупцияга каршы конвенциясын ратификациялаган. Өлкөбүздүн өнүгүүсүнүн ар кандай этаптарында коррупцияга каршы күрөшүү боюнча стратегиялык документтер, коррупцияга каршы аракеттенүүнүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерин белгилеген ченемдик укуктук актылар кабыл алынган. Ошондой эле коррупциянын алдын алуу, коррупциялык кылмыштарды аныктоо жана бөгөт коюу, анын ичинде коррупцияга каршы аракеттенүүгө адистешкен мамлекеттик институттар түзүлгөн.





2024-жылдын 5-июнунда Президенттин №137 Жарлыгы менен Кыргыз Республикасында 2025-2030-жылдарга карата коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик стратегия бекитилген. Анын максаты - коррупциянын алдын алуунун натыйжалуу механизмдерин колдонуу, күрөштү күчөтүү жана коррупциянын кесепеттерин жоюу, мамлекеттик бийлик органдарына жарандардын ишенимин арттыруу жана коомдо коррупциялык көрүнүштөргө чыдамсыздык маанайын түзүү аркылуу Кыргыз Республикасында коррупцияны минималдаштыруу.

Мамлекеттик стратегияда ишке ашыруу үчүн аныкталган 14 милдет

- *Коррупцияга каршы мыйзамдарды өркүндөтүү, аларды иш жүзүндө колдонуунун натыйжалуулугун камсыз кылуу;*
- *Нормативдик укуктук актыларга жана алардын долбоорлоруна коррупцияга каршы экспертиза жүргүзүүнүн милдеттүүлүгү;*
- *Коррупциянын алдын алуу боюнча мамлекеттик институтту өнүктүрүү жана өркүндөтүү;*
- *Сот, көзөмөл жана укук коргоо органдарына болгон ишенимди жогорулатуу, чынчылдык жана паракорчулукка жол бербөө принцибин бекемдөө, коррупциялык укук бузуулар үчүн жоопкерчиликтин сөзсүз болушун камсыз кылуу;*
- *Коррупциянын алдын алуу максатында мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун жана ачыктыгын камсыз кылуу;*
- *Коррупцияга каршы пропаганда жүргүзүү, коррупцияга каршы стандарттарды жайылтуу жана коомдо коррупцияга каршы маданиятты калыптандыруу.*

2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия

2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия

2025-2030-жылдарга
Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегиясын ишке ашыруу боюнча планы
(I этап 2025-2027 жылдары)


КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРЕЗИДЕНТИНЕ КАРАШТУУ
АНТИКОРРУПЦИЯЛЫК ИШКЕРДИК КЕҢЕШИ

АНТИКОРРУПЦИОННЫЙ ДЕЛОВОЙ СОВЕТ
ПРИ ПРЕЗИДЕНТЕ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ




- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Коррупцияга каршы ишкердик кеңеши Пландын 36 пункту боюнча тең аткаруучу болуп саналат.
- 10-бөлүмдүн 1-пункту - ККИК башкы аткаруучу.

Коррупцияга каршы аракеттенүүнүн жыйынтыктары



Кыргыз Республикасынын дүйнөлүк банктын маалыматтары боюнча 1985-жылдан 2024-жылга чейинки мезгилдеги ички дүң продуктунун (ИДП) динамикасы. 2022-жылдан баштап ИДПнын туруктуу өсүшү - 8,97%; 2023-жылы - 9,01%.



Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча, Кыргыз Республикасынын ИДПсынын 2024-жылга өсүшү 9,04% түздү.

Өсүштү камсыз кылган негизги реформалар

Салык реформасы

Негизги таасир бергендер:

салыктык тартипти күчөтүү;

салык базасын кеңейтүү;

товар жүгүртүүнү санариптик көзөмөлгө киргизүү.

Бажы модернизациясы

Бажы кирешелеринин өсүшү төмөнкүлөргө байланыштуу:

жол-жоболорду автоматташтыруу;

боз импорттук агымдарды кыскартуу; аналитикалык көзөмөлдү күчөтүү.

Мамлекеттик инвестициялар

Төмөнкүлөргө салынган каражаттар бир топ көбөйдү:

энергетика;

транспорт;

суу чарба инфраструктурасы;

логистика.

Ички өндүрүштү колдоо

Өнөр жайдын өсүшү төмөнкүлөрдүн эсебинен камсыздалды:

кайра иштетүү;


курулуш материалдары;

тамак-аш өнөр жайы;

фармацевтикалык сектор.



Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети



Мыйзамдык өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын
Президенти тарабынан

2024-жылдын

31-декабрындагы № 209

Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМЫна кол коюлду.



- Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын Омбудсмени (Акыйкатчысы) жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Сот аткаруучуларынын статусу жана аткаруу өндүрүшү жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамы Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы



Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан

2026-жылдын 13-февралындагы № 14

Коррупцияга каршы аракеттенүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын МЫЙЗАМЫна кол коюлду



Бул мыйзам коррупцияга каршы аракеттенүүнүн принциптерин, коррупциянын алдын алуунун укуктук жана уюштуруучулук негиздерин аныктоочу, ошондой эле коррупциялык укук бузуулардын кесепеттерин минималдаштырууга жана/же жоюуга багытталган чараларды белгилөөчү алкактуу документ болуп саналат.



Коррупцияга каршы күрөшүү боюнча көрүлүп жаткан чараларда олуттуу ийгиликтерге жетишкен өлкөлөрдүн алдыңкы эл аралык тажрыйбасы жана эл аралык практикасы изилденип, төмөнкүлөргө басым жасалды: * алдын алуу чаралары (мамлекеттик кызматкерлердин кирешелерин жана мүлкүн декларациялоо, кызыкчылыктардын кагылышуусунун алдын алуу, мамлекеттик кызматкерлердин жүрүм-турумунун катуу этикалык эрежелерин белгилөө жана сактоо, мамлекеттик органдардын экономикалык ишмердүүлүгүнүн ачык-айкындуулугу); * коррупцияга каршы көрүлүп жаткан чараларды координациялоо, агартуу иштери ж.б. милдеттерине кирген зарыл мамлекеттик институттарды түзүү.

18-берене
Коррупцияга каршы чектөөлөр

1. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка талапкер болгон Кыргыз Республикасынын жарандары коррупциялык укук бузууларды жасоого жол бербөө максатында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген чектөөлөрдү өз ыктыяры менен кабыл алышат.

Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (алар ыйгарым укук берген кызмат адамдары) кызматчыдан чектөөлөрдү кабыл алгандыгы, анын чектөөлөрдү сактоо зарылдыгы жөнүндө талаптар менен таанышкандыгы жөнүндө жазуу жүзүндөгү милдеттенмени талап кылуу аркылуу жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аларды аткарбаган учурда жоопкерчилик чараларын түшүндүрүү аркылуу камсыздоо чараларын көрүшөт.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматка байланыштуу чектөөлөрдүн тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен белгиленет.

2. Техникалык жана кенже тейлөөчү персоналды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин мүчөлөрү, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматчылары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчы статусуна ээ болбогон, бирок ошол эле учурда мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында эмгек ишин жүзөгө ашырган адамдар, ыкчам башкаруу, чарба жүргүзүү принциптеринде иштеген мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердин жана ишканалардын, мамлекеттик же муниципалдык катышуу үлүшү бар юридикалык жактардын жетекчилери жана кызматкерлери коррупциялык укук бузууларды жасоого жол бербөө максатында төмөнкүлөргө тыюу салуучу чектөөлөрдү сактоого милдеттүү:

1) эгерде мыйзамдарда башкача каралбаса, күйөөсүнө (аялына), жакын туугандарына же кайын журтуна ишкердикти жүзөгө ашырууда кызматтык абалын пайдалануу менен көмөк көрсөтүүгө; жеке жана юридикалык жактарга ишкердикти жүзөгө ашырууда көмөк көрсөтүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын бул үчүн өзү же үчүнчү жактар үчүн ар кандай пайда алуу менен пайдаланууга; мамлекеттик органдарда жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында үчүнчү жактардын иштери боюнча ишенимдүү адам же башка өкүл болууга;

2) өзүнүн кызматтык ишине байланыштуу саясий партияларды, коомдук бирикмелерди жана башка уюмдарды түзүүгө жана кызмат убактысында алардын ишине кандайдыр бир таризде катышууга же аларга көмөк көрсөтүүгө (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарынын ичинен шайланган Кыргыз Республикасынын Сот адилеттиги иштери боюнча кеңешинин мүчөлөрүн кошпогондо);

3) расмий таратылууга тийиш болбогон кызматтык жана башка маалыматтарды мыйзамдарда каралбаган мүлктүк жана мүлктүк эмес байлыктарды жана артыкчылыктарды алуу максатында пайдаланууга; материалдык-техникалык, финансылык жана маалыматтык камсыз кылуу каражаттарын жана кызматтык иш үчүн гана арналган башка мүлктү кызматтык эмес максаттарда пайдаланууга;

4) кызматтык милдеттерин аткарууга байланыштуу мыйзамдарда каралбаган сый акыларды (акча каражаттарын же башка мүлктү, материалдык эмес активдерди, артыкчылыктарды, жеңилдиктерди же кызмат көрсөтүүлөрдү) жана жеке жана юридикалык жактардан, эгерде мындай аракеттер кызматчылардын кызматтык ыйгарым укуктарына кирсе же кызматтык абалына жараша мындай аракеттерге (аракетсиздикке) түрткү бериши мүмкүн болсо, аларды берген жактардын же болбосо үчүнчү жактардын пайдасына жасаган аракеттери (аракетсиздиги) үчүн белектерди кабыл алууга;

5) жетекчилери, катышуучулары (уюштуруучулары) болуп алардын жубайлары, жакын туугандары же кайын журту саналган юридикалык жактар же жеке ишкерлер, мүлктүн менчик ээлери же аффилирленген жактар менен мамлекеттик (муниципалдык) уюмдардын жана мекемелердин атынан бүтүмдөрдү жасоого;

6) кызматчынын өзүнүн жана анын аялынын (күйөөсүнүн), жакын туугандарынын, кайын журтунун же аффилирленген жактардын жеке кызыкчылыктарына түздөн-түз тиешеси бар маселелерди чечүү үчүн өзүнүн кызматтык абалын пайдаланууга;

7) өзү менен үй-бүлөлүк, жакын туугандык же кайын журттук мамилелерде болгон адамдарга түздөн-түз баш ийүү же контролунда болуу менен байланышкан кызматта болууга;

8) референдумдарды жана шайлоолорду даярдоо жана өткөрүү мезгилинде кызмат ордунун же кызматтык абалынын артыкчылыктарын пайдаланууга;

9) мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык жүзөгө ашырылуучу кызматтык иш сапарларды жана сапарларды кошпогондо, жеке жана юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен кызматтык иш сапарларга жана Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары сапарларга чыгууга;

10) Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жайгашкан Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүндө, консулдук мекемелеринде жана башка расмий өкүлчүлүктөрүндө мамлекеттик кызматтарды ээлеген (ээлеп турган) кызмат адамдарын кошпогондо, Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары иш жүргүзгөн чет өлкөлүк банктарда эсептерди (аманаттарды) ачууга жана ээлик кылууга, накталай акчаларды жана баалуулуктарды сактоого.

3. Белгиленген чектөөлөр ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө көрсөтүлгөн адамдар тарабынан сакталбаган фактынын аныкталуусу, эгерде ал кылмыш жазасына тартуучу жосундун белгилерин камтыбаса, кызматчыга карата ээлеген кызматынан бошотууга чейинки тартиптик жоопкерчилик чараларын колдонуу үчүн негиз болуп саналат.

21-берене.
Коррупцияга каршы маданият

1. Коомдо коррупцияга жол бербестикти чагылдырган баалуулуктар тутумунун сакталышын жана бекемделишин камсыз кылуу үчүн коррупцияга каршы аракеттенүү субъекттери төмөнкүдөй аракеттерди жүзөгө ашырат:

1) коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө өз кызматкерлеринин укуктук билим деңгээлин жогорулатуу боюнча окутуу иш-чараларын туруктуу негизде жүргүзөт;

2) иштин натыйжалары жөнүндө маалыматты расмий сайттарга жайгаштыруу аркылуу коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча көрүлүп жаткан чаралар жөнүндө жарандардын кабардар болуусун жогорулатат;

3) түшүндүрүү жана маданий иш-чараларды (медиакампаниялар, социалдык жарнама), илимий-практикалык конференцияларды өткөрөт, кеңири камтыган коммуникацияны (жалпыга маалымдоо каражаттарын, социалдык тармактарды) пайдалануу менен усулдук адабияттарды чыгарат.

2. Билим берүү чөйрөсүндө бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча мамлекеттик орган мамлекеттик билим берүү стандарттарын иштеп чыгууда аларга коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү укуктук окутуу жана тарбиялоо маселелерин киргизет, коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын негизги багыттарын эске алуу менен билим берүү программаларын туруктуу өркүндөтүүнү жүзөгө ашырат.

3. Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат иштери боюнча мамлекеттик орган коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларды мамлекеттик тапшырыктын негизинде окутуу жана квалификациясын жогорулатуу боюнча иш-чараларды өткөрөт.

4. Ченемдик укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча иш-милдеттерди жүзөгө ашыруучу мамлекеттик орган коррупциянын алдын алуу маселелерин укуктук агартуу боюнча иш-чараларга киргизет жана бул багытта мамлекеттик органдардын ишин координациялайт.












КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА КОДЕКСИ

КОРРУПЦИЯЛЫК КЫЛМЫШТАР ҮЧҮН КЫЛМЫШ ЖООПКЕРЧИЛИГИ

42-глава. Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык же башка кылмыштар

- 336-берене. Коррупция
- 337-берене. Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу
- 338-берене. Бийликтен аша чабуу
- 338[1]-берене. Мыйзамдуу ишкердик ишине тоскоолдук кылуу
- 339-берене. Билип туруп пайдасыз контракт түзүү
- 340-берене. Мыйзамсыз баюу
- 341-берене. Кызмат адамынын ишкердик ишке катышуусу
- 342-берене. Пара алуу
- 343-берене. Опузалап пара алуу
- 344-берене. Пара алууда ортомчулук кылуу
- 345-берене. Пара берүү
- 346-берене. Кызматтык жасалмачылык
- 347-берене. Паспортту мыйзамсыз берүү
- 348-берене. Шалаакылык



Кабыл алынган редакциясы

63-берене. Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу

1. Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу кылмыш жасаган адамга мамлекеттик кызматтын же муниципалдык кызматтын кызмат ордун ээлөөгө же болбосо белгилүү бир кесиптик же башка иш менен алектенүүгө тыюу салынгандыгын билдирет.

2. Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу жазанын негизги түрү катары бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

2^1. Ушул Кодекстин 336-343-беренелеринде, 344-беренесинин 2, 3 жана 4-бөлүктөрүндө, 345-беренесинин 2 жана 3-бөлүктөрүндө, 346-348-беренелеринде каралган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу милдеттүү түрдө дайындалат жана мамлекеттик жана муниципалдык кызматта кызмат орундарын ээлөөгө өмүр бою тыюу салуудан турат.

3. Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, эгерде ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренесинде (беренесинин бөлүгүндө) каралбаган учурда, кызматты ээлебесе же белгилүү бир иш менен алектенбесе жасай албай турган адам жасаган кылмыштын мүнөзүнө таянып, жазанын кошумча түрү катары алты айдан үч жылга чейинки мөөнөткө дайындалат.

4. Кылмыштын өзгөчө субъекти тарабынан баланын же майыптын өмүрүнө жана ден соолугуна же жыныстык кол тийбестигине каршы кызматтык абалын пайдаланып атайылап кылмыш жасалган учурда белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, жазанын кошумча түрү катары сот тарабынан милдеттүү түрдө дайындалат. Ошол эле убакта жазанын бул түрүнүн эң жогорку мөөнөтү төрт эсеге көбөйөт, бирок жалпы мөөнөтү он эки жылдан ашпашы керек.

5. Коомдук иштер же айып жазанын негизги түрү катарында дайындалганда, ошондой эле пробациянын шарттарын колдонуу менен жазадан бошотулганда, жазанын кошумча түрү катары дайындалган белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу мөөнөтү соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып эсептелет.

6. Бул жаза эркиндигинен ажыратууга, тартиптик аскер бөлүгүндө кармоого кошумча түрү катары дайындалганда, ал негизги жаза өтөп жаткан бардык мезгилге жайылтылат, бирок мында анын мөөнөтү эркиндигинен ажыратуу жана тартиптик аскер бөлүгүндө кармоо түрүндөгү жазаны өтөгөндөн кийин башталат. Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу башка жазанын негизги түрүнө кошумча жаза катары дайындалганда, ошондой эле жаза мөөнөтүн кийинкиге калтырууда же пробация колдонулганда, анын мөөнөтү өкүм мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып эсептелет.

7. Эгерде соттолгон адам соттун өкүмүн аткарбаса жана тыюу салынган кызматтарды же иш менен алектенүүсүн уланта берсе, ал ушул Кодекстин 370-беренесине ылайык жоопко тартылат.

8. Өкүмдү аткаруу боюнча милдеттер жүктөлгөн ишканалардын, уюмдардын же мекемелердин кызмат адамдары аларды аткарбаган учурда ушул Кодекстин 370-беренесине ылайык жоопкерчилик тартат

Кабыл алынган редакциясы

65-берене. Айып

1. Айып - ушул Кодексте белгиленген учурларда, өлчөмдө жана тартипте сот тарабынан акчалай түрдө дайындалуучу жаза.

2. Айыпкердин, соттолгон адамдын мүлктүк абалын эске алуу менен жасалган кылмыштын мүнөзүнө жана оордугуна жараша айып белгиленет.

3. Айып, ушул Кодекстин 225, ~~337–346~~, 238, 239-беренелеринде, 240-беренесинин 2-4-бөлүктөрүндө, 242-1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштарды жасоону кошпогондо, эсептик көрсөткүч менен эсептелет жана 200дөн 2000ге чейинки өлчөмүндө белгиленет

4. Айып ушул Кодекстин 225, ~~337–346,~~ 238, 239-беренелеринде, 240-беренесинин 2-4-бөлүктөрүндө, 242-1-беренесинин 1-бөлүгүндө каралган кылмыштарды каралган кылмышты жасагандыгы үчүн 3000ден 25000 эсептик көрсөткүчтөргө чейинки өлчөмдө белгиленет.

5. Соттолгон адам соттун өкүмү, башка соттук акт мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып үч ай ичинде айыпты ыктыярдуу тартипте төлөбөгөн учурда, мажбурлап аткаруу органы өкүмдү, башка соттук актыны чыгарган сотко ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн адам күнөөлүү деп табылган тиешелүү беренесинде көрсөтүлгөн мөөнөттүн чегинде, айыпты эркиндигинен ажыратуу менен алмаштыруу жөнүндө сунуш киргизет. Эгерде адам күнөөлүү деп таанылган бereненин санкциясында эркиндигинен ажыратуу каралбаса, адам ушул Кодекстин 370-беренесинин негизинде кылмыш-жаза жоопкерчилигине тартылат.

Кабыл алынган редакциясы

336-берене. Коррупция

1. Коррупция - материалдык, ар кандай башка байлыктарды жана артыкчылыктарды мыйзамсыз алуу, ошондой эле коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыгына коркунуч келтирүүчү жеке адамдарга жана юридикалык жактарга бул байлыктарды жана артыкчылыктарды берүү максатында бийлик ыйгарым укугуна ээ болгон бир же бир нече кызмат адамдарынын айрым жактар же топтор менен укукка жат туруктуу байланыш түзүшүндө турган атайлап жасалган аракеттер, -

мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен он жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Уюшкан топтун, кылмыштуу коомдоштуктун кызыкчылыгында жасалган же оор залал алып келген ошол эле жосун, -

мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен он эки жылдан он беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

337-берене. Кызмат абалын кыянаттык менен пайдалануу

1. Кызмат адамы тарабынан өз кызмат абалын кызматтын кызыкчылыктарына каршы пайдалануусу, атайылап же этиятсыздыктан олуттуу залал келтирсе, -

~~3000ден 5000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Өзү же болбосо башка адамдар үчүн пайда көрүү жана артыкчылык алуу максатында же башка жеке кызыкчылыктар үчүн жасалган ошол эле жосун, -

~~5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 2-бөлүгүндө каралган, этиятсыздыктан оор залал келтирген жосун, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Ушул берененин 1, 2 же 3-бөлүктөрүндө каралган, жоопкерчиликтүү абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан жасалган жосундар, -

~~20000ден 25000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен сегиз жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

338-берене. Бийликтен аша чабуу

1. Кызмат адамы тарабынан же анын буйругу боюнча, анын айтканы же макулдугу менен анын ыйгарым укуктарынын чектеринен чыккан (ушул Кодекстин 137-беренесинде каралган кыйноолордон башка) же өмүр жана ден соолук үчүн коркунучтуу болбогон зомбулукту колдонуу менен, же мындай зомбулукту колдоном деп коркутуу менен бириккен аракеттерди жасоо, -

~~3000ден 5000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) куралды же атайын каражаттарды колдонуу менен;

2) дене-бойго зомбулук колдонуу менен же аны колдоном деп коркутуу менен;

3) уюшкан топтун же кылмыштуу коомдоштуктун кызыкчылыгы үчүн;

4) оор залал келтирүү менен, -

~~5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 же 2-бөлүгүндө каралган, жооптуу абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан жасалган жосундар, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

338[1]-берене. Мыйзамдуу ишкердик ишине тоскоолдук кылуу

1. Жеке ишкерди же юридикалык жакты мамлекеттик каттоодон мыйзамсыз баш тартуу же болбосо аларды каттоодон качуу, белгилүү бир ишти жүзөгө ашырууга атайын уруксат (лицензия) берүүдөн мыйзамсыз баш тартуу же болбосо аны берүүдөн качуу, жеке ишкердин же юридикалык жактын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын мыйзамсыз чектөө же болбосо уюштуруу-укуктук формасына карабастан жеке ишкердин же юридикалык жактын ишине башка мыйзамсыз кийлигишүү, эгерде бул жосундар кызмат адамы тарабынан өзүнүн кызматтык абалын пайдалануу менен жеке ишкердин же юридикалык жактын укуктарына жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына олуттуу залал келтирүү менен жасалса, -

~~5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүлөр тарабынан жасалган ошол эле жосун:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

339-берене. Билип туруп пайдасыз контракт түзүү

1. Кызмат адамы тарабынан билип туруп мамлекет үчүн пайдасыз келишим түзүү, ага тете мындай кызмат адамы тарабынан ири зыян келтирген мамлекеттик сатып алууларды жүзөгө ашыруу, -

~~**3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) адамдардын тобу тарабынан;

2) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

3) өзгөчө ири зыянды келтирүү менен, -

~~**5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же**~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~**үч жылга чейинки мөөнөткө**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

340-берене. Мыйзамсыз баюу

1. Кызмат адамынын иштеген акыркы эки жылда мыйзамдуу булактар менен ырасталган расмий кирешелеринен ашкан нарктагы мүлктү анын менчикке (пайдаланууга) сатып алуусу же анын мындай мүлктү жакын туугандарына же башка адамдарга өткөрүп берүүсү, -

~~3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Жооптуу абалды ээлеген кызмат адамдары тарабынан жасалган ошол эле жосундар, эгерде мүлктүн наркы кызмат адамынын акыркы толук беш жыл үчүн мыйзамдуу булактар менен ырасталган расмий кирешелеринен ашса, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же үч жылга чейинки мөөнөткө~~ мүлкүн конфискациялоо менен, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан сегиз жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

341-берене. Кызмат адамынын ишкердик ишке катышуусу

Кызмат адамы ишкердик ишти ар кандай формада жүзөгө ашырса же башкарууга жеке өзү же болбосо ишенимдүү же аффилирленген жак аркылуу катышса, эгерде бул жосундар мындай уюмга жеңилдиктерди, артыкчылыктарды берүү же ага башка формадагы колдоо көрсөтүү менен байланышса, коомго жана мамлекетке олуттуу залал келтирсе, -

~~**үч жылга чейинки мөөнөткө**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, ~~**же бир жылдан үч жылга чейинки мөөнөткө түзөтүү жумуштары менен же 3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

342-берене. Пара алуу

1. Кызмат адамынын, чет өлкөлүк кызмат адамынын, же болбосо эл аралык уюмдун кызмат адамынын пара берүүчүнүн же анын атынан иш жүргүзүүчү адамдын пайдасына кызмат адамынын кызматтык ыйгарым укуктарына кирген, же болбосо аларга өзүнүн кызматтык абалы боюнча көмөктөшө алган аракеттери (аракетсиздиги) үчүн жеке өзү же ортомчу аркылуу пара алуусу, ошого тете пара алууга макулдук берүүсү, -

~~5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо ~~менен же ансыз, үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) мыйзамсыз аракеттери (аракетсиздиги) үчүн;

2) мамлекеттик же муниципалдык кызмат тутумундагы кызмат ордун бергендиги үчүн;

3) адамдардын тобу тарабынан;

4) алдын ала бүтүм боюнча адамдардын тобу тарабынан;

5) ири өлчөмдө, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган, төмөнкүдөй жасалган аракеттер:

1) өзгөчө ири өлчөмдө;

2) жооптуу абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан, -

~~20000ден 25000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен жети жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

343-берене. Опузалап пара алуу

1. Берүүчүнүн кызыкчылыгында анын мыйзамдуу укуктарын бузган аракеттерди (аракетсиздикти) аткаруу же аткарбоо үчүн кызмат адамынын жеке өзү же ортомчу аркылуу параны талап кылуусу, ага тете анын укук тарабынан корголуучу кызыкчылыктарына зыяндуу кесепеттерди болтурбоо максатында пара берүүчүнү пара берүүгө мажбурлаган шарттарга коюусу, -

~~10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) ири өлчөмдө;

2) жооптуу абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан, -

~~20000ден 25000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же~~ мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен жети жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Өзгөчө ири өлчөмдө жасалган, ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган жосундар, -

мүлкүн конфискациялоо менен, ~~үч жылга чейинки мөөнөткө~~ белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен он жылдан он эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

344-берене. Пара алууда ортомчулук кылуу

1. Пара берүүчүнүн же пара алуучунун тапшырмасы боюнча параны берүү боюнча аракеттерди жасоо, же болбосо алардын ортосундагы параны алуу жана берүү жөнүндө макулдашууга жетишүүдө же болбосо аны ишке ашырууда пара берүүчүгө жана (же) пара алуучуга башкача көмөк көрсөтүү, -

~~**3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосун:

1) өзүнүн кызматтык ыйгарым укуктарын пайдалануу менен;

2) ири өлчөмдөгү пара берүүдө же алууда, -

~~**5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ б**елгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга** жазаланат.

3. Ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган, өзгөчө ири өлчөмдө жасалган жосундар, -

~~**10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ мүлкүн конфискациялоо менен ~~**же ансыз,**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

4. Паракорлукта ортомчулук кылууга убада берүү же сунуш кылуу, -

~~**3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ **белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен** эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

345-берене. Пара берүү

1. Кызмат адамына, чет өлкөлүк кызмат адамына же болбосо эл аралык уюмдун кызмат адамына өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууда бул кызмат адамы кандайдыр бир аракеттерди аткаргандыгы же аткарбагандыгы үчүн жеке кызмат адамы же башка жеке же юридикалык жак үчүн өзү же ортомчулар аркылуу акча, баалуу кагаз, башка мүлк же мүлктүк же мүлктүк эмес мүнөздөгү пайда түрүндө пара берүү, ага тете параны кабыл алууну сунуштоо же пара берүүгө убада кылуу, -

~~**3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Төмөнкүдөй жасалган ошол эле жосундар:

1) ири өлчөмдө;

2) билип туруп мыйзамсыз аракет (аракетсиздик) жасагандыгы үчүн;

3) кызмат адамы, анын ичинде жооптуу абалды ээлеген кызмат адамы тарабынан жасалган, -

~~**5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

3. Ушул берененин 1 жана 2-бөлүктөрүндө каралган, өзгөчө ири өлчөмдө жасалган жосундар, -

~~**10000ден 20000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же**~~ мүлкүн конфискациялоо менен, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан жети жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

346-берене. Кызматтык жасалмачылык

1. Кызматтык жасалмачылык, башкача айтканда кызмат адамы, ошондой эле мамлекеттик кызматчы, же кызмат адамы болуп саналбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын кызматчысы тарабынан расмий документке билип туруп жалган маалыматтарды киргизүү, ага тете расмий документке анын аныктмазмунун бурмалаган оңдоолорду киргизүү, эгерде бул аракеттер пайда табуу же башка жеке кызыкчылыктардан улам жасалса, -

~~3000ден 50000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ **белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен** эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор залал келтирген, ошондой эле анын эркине каршы менчик ээсин өзгөртүү максатында жасалган ошол эле жосун, -

~~5000ден 10000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

347-берене. Паспортту мыйзамсыз берүү

1. Кызмат адамы же мамлекеттик кызматчы тарабынан чет өлкөлүк жаранга же жарандыгы жок адамга Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун мыйзамсыз берүү, ошого тете кызмат адамы же болбосо мамлекеттик кызматчы тарабынан же кызмат адамы болуп саналбаган муниципалдык кызматтын кызматчысы тарабынан документтерге билип туруп жалган маалыматтарды киргизүү, атайылап же этиятсыздыктан Кыргыз Республикасынын жарандыгын мыйзамсыз алууга алып келсе же башка олуттуу залал келтирсе, -

~~500ден 1000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ **белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен** беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун мыйзамсыз даярдоо, сатуу жана пайдалануу, -

~~1000ден 2000 эсептик көрсөткүчтөрго чейин айып салууга, же~~ учурдагы саясий баш паанегин эске алуу менен чет өлкөлүк жарандарга же жарандыгы жок адамдарга карата аларды Кыргыз Республикасынан чыгарып жиберүү менен же аны колдонбостон, мүлкүн конфискациялоо менен, белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен беш жылдан он жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

Кабыл алынган редакциясы

348-берене. Шалаакылык

1. Шалаакылык, башкача айтканда кызмат адамынын өз милдеттерин жеңил ойлуулуктан же этиятсыздыктан улам аткарбашы же талаптагыдай эмес аткаруусу, эгер этиятсыздыктан олуттуу залал келтирсе, -

~~**500ден 1000 эсептик көрсөткүчтөргө чейин айып салууга, же**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

2. Этиятсыздыктан оор залал же өзгөчө оор залал келтирген ошол эле жосун, -

~~**үч жылга чейинки мөөнөткө же ансыз**~~ белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу менен эки жылдан беш жылга чейинки мөөнөткө эркиндигинен ажыратууга жазаланат.

БАШКА МЫЙЗАМ АКТЫЛАРЫ

Кабыл алынган редакциясы

• КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КОНСТИТУЦИЯЛЫК МЫЙЗАМЫ « Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысы (Омбудсмени) жөнүндө»

5-берене. Акыйкатчынын жана анын орун басарларынын кызмат ордуна талапкерге карата талаптар

1. Башка мамлекеттин жарандыгы жок, мамлекеттик тилди билген, 30дан жаш эмес жана 65 жаштан улуу эмес, жогорку билими бар Кыргыз Республикасынын жараны Акыйкатчы жана анын орун басары болуп шайлана алат.

2. Ушул бөлүктүн экинчи абзацында каралган учурларды кошпогондо, кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адам, эгерде бул соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаса жана алып салынбаса, Акыйкатчы болуп шайлана албайт.

Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмышты жасагандыгы үчүн соттуулугу бар адам соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан, ошондой эле көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча ага карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча токтотулган адам Акыйкатчы болуп шайлана албайт.

• "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө» КР мыйзамы

24-берене. Контракт боюнча аскер кызматына өтүп жаткан жарандарга коюлуучу талаптар

2. Контракт боюнча аскер кызматына төмөнкү жаран чакырыла албайт:

медициналык комиссиянын корутундусуна ылайык, аскер кызматынын милдеттерин аткарууга тоскоолдук кылып жаткан оорулары бар болсо;

Кыргыз Республикасынын мыйзамдары белгилеген чектөөлөрдү өзүнө кабыл алуудан баш тартса;

соттуулугу, анын ичинде алып салынган же жоюлган соттуулугу бар болсо; ага карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган болсо; анын жубайынын, ошондой эле жакын туугандарынын оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар болсо; же болбосо алар белгиленген тартипте уюшкан топтордун, террористтик, экстремисттик же сепаратисттик уюмдардын мүчөлөрү деп таанылган болсо;

аскер кызматына өтүү убагынын алдында бир жылдын ичинде атайын укук бузууларды жасагандыгы үчүн сот тарабынан административдик-тартиптик жоопкерчиликке тартылса;

кызмат ордуна ылайык келбөөсү же кадыр-баркты кетирген жоруктары боюнча мамлекеттик кызматтан бошотулса, эгерде бошотуу күнүнөн тартып бир жыл өтпөсө.

Аскердик кызмат каралган башка аскердик түзүлүштөргө контракт боюнча аскердик кызматка алууда, талапкерлерге кошумча талаптар коюлушу мүмкүн.

Кабыл алынган редакциясы

- "Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

3-берене. Жергиликтүү жамааттардын мүчөлөрүнүн шайлоо укуктары

6. Сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп таанылган же соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмү боюнча эркиндигинен ажыратуу жайларында кармалып турган жарандар, диний ишмерлер, ошондой эле соттуулугу мыйзамда белгиленген тартипте жоюлбаган адамдар шайлануруга укуксуз.

6^1. Соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар; же болбосо аларга карата аталган кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган жарандар да шайлануруга укуксуз.

- «Сот аткаруучулардын статусу жөнүндө жана аткаруу өндүрүшү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

6-берене. Сот аткаруучунун кызмат ордуна талапкерге карата коюлуучу талаптар

1. Кыргыз Республикасынын төмөнкү жараны сот аткаруучу боло албайт:

1) жыйырма бир жашка чыга элек;

2) жогорку юридикалык билими жок;

3) соттуулугу, анын ичинде алып салынган же жоюлган соттуулугу бар; же ага карата кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган; анын жубайынын, ошондой эле жакын туугандарынын оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар;

4) өзүнүн иштиктүү жана жеке сапаттары боюнча, ошондой эле ден соолугунун абалы боюнча ага жүктөлгөн милдеттерди аткарууга жөндөмсүз.

Кабыл алынган редакциясы

- "Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдарында кызмат өтөө жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

10-берене. Укук коргоо органдарына кызматка кирүүнүн шарттары

6. Адам укук коргоо органдарына кызматка кабыл алынбайт же иштей албайт, эгерде:

14) талапкердин же кызматкердин жубайынын, ошондой эле жакын туугандарынын оор же өзгөчө оор кылмыш жасагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза мыйзамдарына ылайык жоюлбаган же алып салынбаган соттуулугу бар болсо, ошондой эле уюшкан кылмыштуулукка, терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте уюшкан топтордун, кылмыштуу коомдоштуктардын, террористтик, экстремисттик же сепаратисттик уюмдардын мүчөлөрү деп таанылса.

"Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

12-берене. Мамлекеттик жарандык кызматчыларга жана муниципалдык кызматчыларга карата коюлуучу талаптар

2. Төмөнкү адам кызматчы боло албайт:

1) соттун чечими менен аракетке жөндөмсүз деп таанылган же болбосо ага соттун айыптоочу өкүмү менен кызматчы катары ишти жүзөгө ашырууга же мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын белгилүү бир кызмат орундарын ээлөөгө тыюу салынган;

2) ушул бөлүктүн 3-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;

3) соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

4) ага карата ушул бөлүктүн 3-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган;

5) башка мамлекеттин жарандыгы бар.

Кабыл алынган редакциясы

- "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

9-берене. Акимдин кызмат ордуна талапкерге коюлуучу талаптар жана чектөөлөр

2. Төмөнкүдөй адам аким боло албайт:

6) ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;

6^1) соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

6^2) ага карата ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган.

12-берене. Акимдин биринчи орун басары (орун басары)

3. Төмөнкүдөй адам акимдин биринчи орун басары (орун басары) боло албайт:

5) ушул бөлүктүн 5^1-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;

5^1) соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

5^2) ага карата ушул бөлүктүн 5^1-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган.

Кабыл алынган редакциясы

- "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы

46-берене. Шаардын мэринин кызмат ордуна талапкерге коюлуучу талаптар

3. Төмөнкүдөй адам мэр боло албайт:

6) ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;

6^1) соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

6^2) ага карата ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган.

52-берене. Айыл өкмөтүнүн башчысынын кызмат ордуна талапкерге коюлуучу талаптар

3. Төмөнкү адам айыл өкмөтүнүн башчысы боло албайт:

6) ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда каралган учурларды кошпогондо, мыйзамдарда белгиленген тартипте жоюлбаган соттуулугу бар;

6^1) соттуулугу жоюлгандыгына же алып салынгандыгына карабастан, мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттуулугу бар;

6^2) ага карата ушул бөлүктүн 6^1-пунктунда көрсөтүлгөн кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитацияланбаган негиздер боюнча кыскартылган.



Антикоррупциялык реформалар өлкөнүн саясий жетекчилигинин жогорку деңгээлинде мамлекеттик бийликтин борбордук органдары менен максималдуу өз ара аракеттенүү жана жарандар, жарандык коомдун институттары, бизнес-коомчулук, илимий жана билим берүү мекемелери менен кызматташуу менен ишке ашырылат.

Көңүл бурганыңызга рахмат!